## ӨТКӨН ОКУУ ЖЫЛЫНА АНАЛИЗ

**№95 Т Жоробеков атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы окуу - тарбия процесси боюнча жүргүзүлгон иштеринин**

**Жыйынтыгы**

**2021-2022-окуу жылында 26-августта мектепте педагогикалык кеңешме болуп,жалпы мектептин максатын ,милдеттерин талкуулап, төмөндөгүдөй максат,милдеттерди бекитип алып,ушулардын үстүндө иштөөнү чечтик**

## ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

**2021-2022-окуу жылында №95 Т Жоробеков атындагы орто мектебинде 198 окуучу окуйт.12 класс комплект бекитилип,окуучуларга билим тарбия берүүдө 17мугалим эмгектеништи. Мектеп 2-сменада окуйт**

**1-сменада:1- кл, 5-кл , 6-кл 7-кл 8-кл, 9-кл, 10-кл, 11-кл**

**2-сменада: 2-кл, 3-кл, 4-класстары окушат.**

Сканировано с CamScanner

Окуу жылынын башында педагогикалык кеңеш,усулдук кеңеш профсоюз чогулуштары ,профсоюз отурумдарынын,ата-энелердин чогулуштарынын ,метод бирикмелердин,метод кеңешмелердин жана башкалардын иштөө пландары киргизилген.Ушул пландардын негизинде иштер жүргүзүлүп жататы. Окуу жылынын башында август айында №95 Т Жоробеков атындагы орто мектебининин мугалимдери микрорайондорго бөлүнүп,окууга жашы жеткен балдарды тактады.Окууга тартылбай калган балдар болгон жок. .Ар бир класстын өзүн бекитилген класс кабинттери бар.Кабитеттерди жасалгалодо тарых кабинети спонсордун жардамында жасалгалар алынып берилди биология химия, жашылдандыруу иштери жакшы жолго коюлган Аймактарды өнүктүрүү жылына карата Мектептин айланасын жашылдандыруу иштери колго алынып, бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлдү.

Кадрлар менен иштөө

№95 Т Жоробеков атындагы орто мектебинде 17 мугалим эмгектенет.13 мугалим жогорку билимдүү,2 атайын орто билимдүү мугалим бар.Бул окуу жылында физика химия предметтеринен кадыр жетишпейт . Квалификациясын жогорулатуу боюнча 4 мугалим Т.Жалилов М.Кожошова областтык курстан өтүп, билимдерин жогорулатып келишти. Жаш мугалимдер Мыктыбек к Айданага Абдураимов Н ал эми Азамова Барчынайга Парпиева Бибигүл насаатчы болуп бекитилди. .Насаатчы мугалимдер менен жакшы иштерди алып барышты.Жаш мугалимдер методикалык көп жардамдар алды. Мектепте жаш мугалимдер менен семинар өткөрүлүп турат. Чыгармачыл алдыңкы мугалимдердин Жаш мугалимдер алардын сабактарына катышып,усулдук жардамдарды өздөрүнө топтоп жатышат.

Окуу иштериндеги билим сапаты.

Сканировано с CamScanner

2021-2022-окуу жылы үчүн мектептин жалпы окуу планы түзүлүп ,бектилди.Предметтерден бардык мугалимдер жетиштүү.Айлык пландар,жумалык пландар түзүлүп,жума сайын жумалык пландардын аткарылышы боюнча жыйынтык чыгып турду.Тарификация түзүлдү.Ар бир мугалим портфолио ачып,мектепте өткөн иш-чаралардын план дарын, өткөрүлгөн материалдарын ,токтомдорун салып топтошту. Предметтик кружоктор убагында өткөрүлүп турду.Таланттуу балдар менен иштөөдө ар бир мугалим иш алып барып жатты. Жалпы билим сапаты 1-чейректе 44,3% ды түздү.Жетишпей калган окуучулар мугалимдер окуучулар менен жекече иштерди жүргүзүлдү 2-чейректе билим сапаты 42,4% ды түздү. 1-чейрекке караганда 2-чейректе окуучулардын сабакка катышуусу ,активдүүлүгү төмөн болду.Жогорку класстарда предметтерден окуучуларды олимпиадага даярдоо иштери начар болуп.Бул дагы билим сапатын түшүшүнө өбөлгө болду 3-чейректе билим сапаты 43,8%ды түздү.Административдик текшерүүлөр аз болду .Декадалар жогорку деңгээлде өткөрүлүп ,билим сапатынын өнүгүшүнө чоң салым кошулду.Кошумча тапшырмалар көп берилип, ийрим иштерине басым жасалды. Окуу бөлүмүнүн башчысы жылдык ,айлык,жумалык пландарды түзүп,ал боюнча иштерди жүргүзүп жатты. Сентябрь айында предметтик мугалимдер календардык пландарын жазып,бекиттиришти.Окуу китептери менен бардык класстар 85% камсыз болушту.Класс комплектисин тактап,ийрим,таланттуу окуучулар менен иштөөнүн пландары бектилди.ОШ---1 менен иштөө такталды,расписание түзүлүп, мугалимдер тарификациядан өткөрүлдү.Айрым предметтер боюнча жетишпеген китептер боюнча китепканачы Абдиевадан районго билдирүүсүн өтүндүк.Мамлекеттик тилдин ,кыргыз тилчилердин декадасы өткөрүлдү.Анда Тажибаева Жанылкан «Алыкул Осмоновго 106 жыл»деген темада адабий кече өткөрдү.Кыргыз тили мугалими Н Алимбекова 5- классы менен «Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү»деген темада ачык сабак өткөрдү.8-9-10-11-класстар арасында «Сармерден»конкурсу болуп ,анда балдар кыздардан турган «Кызгалдак»командасы жеңишке жетишти. Октябрь айында орус тили сабагынын декадасы өткөрүлдү. Предметтик тест,срездер алынып,жыйынтыгы директордун алдындагы кеңешмеде талкууланды.Директордун алдындагы кеңешмеде начар окуган окуучулар менен иш алып баруу жагы предметтик мугалимдерге милдеттендирилди.Бул боюнча ар бир мугалим иш жүргүзүп папка ачышкан. Ноябрь айында жазуу дептерлеринин текшерилиштери ,күндөлүктөрдүн толтурулуш боюнча жалпы текшерүү болуп,УБ жетекчилеринин чогулуштарында каралды.5-7-класстар арасында предметтик тесттер,срездер алынып,педкенешмеде айтылды. Мектеп ичинде предметтик олимпиадалар өткөрүлүп,жыйынтыгында 8 окуучу

Сканировано с CamScanner

## 2021-2022-окуу жылында иштелген ички көзөмөлдүн жыйынтыгы.

Бардык мугалимдер өздөрүнө тиешелүү пландарын бекитип, иш жүргүзүп келишти.Окуучулар 85% окуу китептери менен камсыз болду.Окуучулардын күндөлүк ,дептерлердин толтурулуштары ай сайын мектеп жетекчилери тарабынан текшерилип,жыйынтыгы чыгарылып жатты.Класстык журналдын толтурулушу ар ай сайын текшерилип,эскертүүлөр белгиленип турду.УБнын жетекчилери менен аңгемелешип,алардын иштерине көзөмөл жүргүзүлүп жатты.Ийрим,таланттуу окуучулар менен иштөөчү пландар ай сайын текшерилип,көзөмөлдө болуп турду. Тематикалык текшерүүдө начар окуган ,жетишпеген окуучулар үчүн пландар түзүлүп, буйрук чыгарылып,тиешелүү предметтик мугалимдер иш алып барылды Окуучулардын билим сапатын текшерүү үчүн жыл ичинде ар предмет боюнча тест,срез мектеп администрациясы тарабынан алынып,жыйынтыктар чыгып, айрымдарына эскертүүлөр берилди.Окуучулардын жазуу иштеринин жүрүшү боюнча чейрек сайын бир жолудан жетекчилер тарабынан текшерилип,жыйынтык чыгарылып турду. Жыл башында ички көзөмөл жүргүзүү боюнча айлык пландар түзүлүп,ал боюнча төмөндөгүдөй иштер аткарылды. Сентябрь айында «Билим күнүн»өтүү менен тарбиялык сааттар өткөрүлдү.Кабинеттердин абалы текшерилди,окуу китептери менен камсыз болушуна көзөмөл жүргүзүлдү.Класс комплектисин тактап, окуу пландары ,ийрим,таланттуу окуучулар менен иштөөнүн пландары бекитилди.ОШ-1 менен иштөө такталды,расписание түзүлүп, мугалимдер тарификациядан өткөрүлдү.Календардык план, тарбия пландарынын жазылышы, китептер менен камсыз болушу, кыргыз тилчилердин декадасынын өткөрүлүшү директор алдындагы кеңешмеде каралды.Убагында календардык пландарыды бекиттирбеген мугалимдер болгон жок . Мектепте өзүн-өзү башкаруу уюмунун иш планы бекип,парламент уюштурулду.Айрым предметтер боюнча жетишпеген китептер боюнча китепканачы га районго билдирүүнү өтүндүк.Ал эми декада боюнча кыргыз тилчи мугалимдердин өткөргөн иш чаралары алгылыктуу деп белгиленди.Алфавит китеби,окуучулардын өздүк китеби такталды.Таланттуу шыктуу окуучулардын илимий борбору түзүлүп,алардын иштери метод советте каралды.Ар бир мугалим иш жүргүзүп папка ачышкан.1-чейрек үчүн ар бир предметтик мугалим окуткан окуучулары үчүн мониторинг жасады.

Сканировано с CamScanner